КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I-чакырылышынын IV-кезексиз сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

2025-жылдын 22-февралы №18 Барскоон айылы

**Барскоон айыл аймагындагы имараттардын, курулмалардын фасадынын тышкы көрүнүшү боюнча талаптардын жалпы жобосун бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик тили жөнүндө”, “Жарнама жөнүндө”, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектурасы жөнүндө” Мыйзамдарына ылайык Барскоон айыл аймагынын айылдарында маалыматтык, жарнамалык конструкцияларды жайгаштыруу жана эксплуатациялоо, имараттардын, курулмалардын фасадынын тышкы көрүнүшү боюнча талаптардын жалпы жобосун бекитүү тууралуу маселени талкуулап, муниципалдык менчик, жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын корутундусунун негизинде Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айыл аймагында маалыматтык, жарнамалык конструкцияларды жайгаштыруу жана эксплуатациялоо, имараттардын, курулмалардын фасадынын тышкы көрүнүшү боюнча талаптардын жалпы жобосу №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Барскоон айыл өкмөт башчысы А.Т.Асанбаев айыл башчылары менен биргеликте бекитилген жобонун негизинде уюштуруу иштерин алып барсын жана 2025-жылдын 9 айлыгынын жыйынтыгы менен аткарылган иштер тууралуу сессияда отчет берсин.
3. Токтом айыл аймактын веб-сайтына жарыялансын.
4. Токтомду веб-сайтка жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылар реестрине каттоо кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевага милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин муниципалдык менчик, жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Ажыбеков Ч.А.**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска